**УДК:3713**

**КУРАМАЕВА Т.А.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**АЛТЫНБИЛЕК ИСМАИЛ**
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# ОКУУЧУНУН ЖЕТИШКЕНДИГИНИН ПОРТФОЛИОСУ
## Портфолио достижений ученика
## Portfolio of student'sachievement

***Аннотация:*** *бул макалада азыркы учурдагы окутуунун активдүүлүгүн камсыз кыла турган, окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууга жана баалоого чон өбөлгө түзө турган формалардын бири – портфолио тууралуу маалымат берилген.*

***Аннотация:*** *в данной статье даны сведения о портфолио, которое является одной из форм, обеспечивающей активизации современного обучения. Оно создает предпосылки формирования и оценивания компетентности учащихся.*

***Annotation:*** *this article provides information about the portfolio, which is a form of providing activation of modern education. It creates the prerequisites for the formation and evaluation of competence of students.*

***Негизги сөздөр:*** *билим берүүдөгү инновациялар; окутуунун технологиялары; инсанга багытталган окутуу; компетенттүүлүк; портфолио; принциптер; баалоо; рефлексия; рефлексиялык башкаруу; портфолионун структурасы.*

***Ключевые слова:*** *инновации в образовании; технологии обучения; личностно ориентированное обучение; компетентность; портфолио; принципы; оценивание; рефлексия; рефлексивное управление; структура портфолио.*

***Keywords:*** *innovations in education; learning technologies; personality oriented teaching; competence; portfolio; principles; evaluation; reflection; a reflexive management; portfolio structure.*

Билим берүүдөгү инновациялар. Азыркы учурда билим берүүнүн алдына коюлган милдетттерден бөлүп инсандын өзү билим алуусун калыптандыруусуна, окуп жетишүүгө карата окуучунун мотивациясын калыптандырууга ыңгайлуу шарттарды түзүү эсептелет. Бул учурда окутуу прогрессивдүү педагогикалык теорияларга жана методдорго негизделиши зарыл. Изилдөөчүлөрдүн билдиргендерине караганда мындай теориялардын алкагына өнүктүрүп окутуу, проблемалык окутуу, модулдук окутуу, инсанга багытталган окутуу, жаңы маалыматтык технологиялар ж.б. кирет. Ар
бир теория өзүнүн алгылыктуу ишке аша турган облстарына ээ жана



кээ бир учурларда алар бири бирин толуктай алышат.

Кыргыз Республикасында мектептик билим берүү системасы жогоруда аталган теориялардын жана окутуунун технологияларынын колдонулушун шарттайт. Буга акыркы жылдары эле республикалык деңгээлде кабыл алынган документтер айгинелеп турат. 2012-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн Концепциясы жана Стратегиясы билим берүүнүн натыйжага ориентир алышын белгилеп, бардык окутуу процесси окутуунун натыйжасын көзөмөлгө алып турушун максат кылып койду [1]. Ал эми 2014-жылы кабыл алынган негизги орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты окуучунун өз алдынчалуулугун, демилгелүүлүгүн жана өзүн-өзү уюштура билүүсүн калыптандыруу негизги милдеттердин бири деп эсептейт [2]. Стандарттын талабы боюнча окуучу проблеманы чече билүүдө өзүн өзү уюштуруу компетенттүүлүгүнө ээ болушу керек. Бул – окуучу реалдуу кырдаалды анализдей алат жана кырдаалдагы карама каршылыкарды аныктай алат, аны чечүүнүн технологиясын издеп таба алат, алынган жыйынтыкты анализдей алат дегенди билдирет. Демек, бул иш аракеттерди аткаруу – окуучунун чыгармачыл жөндөмдөрүн калыптандыруу иштери

менен тыгыз байланышкан. Ушул ишмердүүлүктөрдү аткарууда окуучунун чыгармачыл жөндөмдөрү калыптанат.

Азыркы учурда, окуу процессинде окуучунун бул жөндөмдөрүн калыптандыруу үчүн оюн технологиялары, интерактивдүү методдор, проективдүү методдор, кейс-технология өз эффективдүүлүктөрүн көрсөтүүдө. Дал ушул технологиялар проблемалык окутууну, проективдүү методдорду кеңири пайдаланууну, окуучунун калыптанган билимдерин жекече, жуп жана группалык проекттер менен иштөөдө колдонууну, сынчыл ойломдорун, баарлашуу маданиятын өнүктүрүүнү шарттайт. Мына ушундай жөндөмдөр окуучуларды турмуштук проблемаларды көрө билүүгө, аларды чече билүүгө, кээ бир учурда татаал турмуштук проблемалардан чыга билүүгө жол көрсөтөт. Окуучуларга ушундай жөндөмдөрдү калыптандыруу азыркы учурда абдан маанилүү.

Аталган технологияларды колдонууда инсанга багытталган окутуунун проблемалары чечмеленет, окутуунун активдүү формалары ишке ашат. Окуучулар өздөрүнүн шыктарына жана жөндөмдөрүнө жараша натыйжаларга жетишишет. Жыйынтыгында



алардын турмушка болгон аргументтелген көз караштары калыптанат. Бирок ар бир технологиянын жакшы жана жетишпеген жактары болгондуктан, алардын ар бирин тең абсолютташтырууга болбойт. Жогоруда аталган жөндөмдөрдү калыптандырууда инсанга багытталган окутуунун ролу жогору. Бул теория окутуунун массалык шартында окуучунун жекечелүүлүгүн эске алуу жана окууну дифференциялоо максатын көздөйт. Орус окумуштуусу И.С.Якиманскаянын берген аныктамасына таянсак, инсанга багытталган окутуу «окуучуну бүтүндөй билим берүү процессинин башкы каарманы катары таануу» дегенди билдирет [3]. Кыргыз Эл мугалими И.Бекбоевдин жазганына ылайык, «инсандыкка багыттап билим берүү» же инсанды жана анын жеке өзүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуу – бул азыркы билим берүүгө коюлуучу ар түрдүү төмөнкүдөй талаптарды чагылдырат [4]:

1) билим берүүнүн негизги баалуулугу деп инсандын оригиналдуулугу, өзүнчөлүгү жана кайталангыс уникалдуулугу боюнча жеке индивидуум катары калыптанып жаралышын кабыл алуу, таануу;

2) дифференцирленген, ар түрдүү деңгээлдеги окутууну ишке ашырууга керектүү билим берүүнүн альтернативдүү формаларынын болушу;

3) ар бир окуучуга анын жеке бөтөнчөлүгүн, турмуштук баалуулуктарынын, умтулууларынын негизинде өзүнүн өнүгүү жолун өзү тандап алууга укуктун берилиши.

Демек, инсанга багытталган окутуу окуучунун интеллектуалдык жана нравалык жактан өнүгүүсүнө түрткү берет. Көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө дал ушул багыт эң маанилүү деп эсептелет. Бул теорияны практикада ишке ашыруунун бир канчалаган жолдорун изилдөөчүлөр
белгилешкен. Алардын ичинде, аутентивдүү баалоону ишке ашыруучу, окуучунун чыгармачыл жөндөмүн калыптандыруучу портфолио технологиясы бар.

**Билим берүүдөгү портфолионун мааниси жана маңызы.** Окуучунун чыгармачыл жөндөмүн арттыруучу ыкмалардын бири болуп портфолио эсептелет. Портфолио («portfolio») италия тилинен «документи бар папка», же «адистин папкасы», ал эми француз тилинен – «жетишкендиктин жыйынлысы» деп которулат [5].

Бул терминдин пайда болушу XVII-XVIII кылымдарга таандык. Бул жылдары архитекторлор жана сүрөтчүлөр кандайдыр бир конкурстар-

га катышып, өзүнүн жетишкендиктерин (чийме, схема, макет, сүрөттөр, жетишкендиктерин тастыктаган документтер) папкага чогултуп конкурстук комиссияга тапшырышкан. Комиссия папкадагы документтеринин негизинде жыйынтык чыгарып, тиешелүүсүн тандап алган. Бул документтер портфолио деп аталып калганы ошондон. Кийин ХХ кылымда фото манекендер дагы бул ыкманы колдонушкан. Алар дагы конкурска катышууда бардык жетишкендиктерин папкага топтоп комиссияга тапшырышкан. Билим берүүгө портфолио ХХ кылымдын 80-жылдары келгендигин адистер маалымдашкан. Окумуштуу М.Чошанов бул тууралуу мындай дейт: «80-жылдардын ортосунда АКШнын педагогикасында тестке карата уруш жарыяланган. Окуу жетишкендигин баалоонун альтернативдүү формаларын издөө башталган. Алардын ичинен бирөөсү болуп портфолио эсептелет» [6]. Портфолио бул жылдары АКШда гана эмес, Европа өлкөлөрүндө жана Японияда дагы активдүү колдонула баштаган. 90-жылдары Россияда дагы бул маселе көтөрүлө баштаган. Мектепте портфолиону колдонуу боюнча көптөгөн макалалар жарыяланып жана китептер басылып чыгарылып, колдонула баштаган. Көпчүлүк маалыматтар Интернетте жарыяланган. Мындан портфолиону колдонуу боюнча, анын мааниси тууралуу ойлор улам көбөйө бергендиктен, азыркы күндө бирдиктүү аныктама кабыл алынбай келүүдө.

М.Чошанов портфолиого төмөнкүдөй аныктама берген: жалпы түшүнүүдө портфолио – бул окуучунун окуп таанып билүү ишмердүүлүгүнүн үлгүсүн жана продуктусун (коллекция, тандоо жана анализ) уюштуруу процесси жана формасы, ошондой эле тышкы булактардан алынган маалыматтык материалдарды (классташтардан, мугалимдерден, ата-энелерден, коомдук уюмдардан ж.б.) жыйноо, булар анализдөөгө, окуучунун окуу жетишкендиктерин ар тараптан сандык жана сапаттык баалоого жана окуу процессине коррекция киргизүүгө багытталган [6].

Ар кайсы авторлор портфолиону ар башкача мүнөздөшөт [7; 8]:

- окуучунун иштеринин коллекциясы, ал окуучунун окуу жыйынтыгын эле эмес, ага жетүүгө карата кылган аракетин дагы,
- окуучунун билиминин жана билгичтигинин мурдагы жыйынтыгына караганда болгон прогрессин дагы көргөзүп турат;
- бул окуу мезгили боюнча (чейрек, жарым жыл, жыл), же болбосо бир же бир нече предмет боюнча окуучунун окуу жетишкен-



дигинин көргөзмөсү;

- окуучунун иштеринин антологиясы, мында окуучунун жакшы иштери тандалып алынып, баалоого берилет, өздүк анализ жана өздүк баалоо жүргүзүлөт.

Портфолио технологиясы боюнча Кыргыз Республикасында дагы изилдөөлөр жүргүзүлүп келүүдө. Кыргыз изилдөөчүлөрү Д.Ажыбаев, Ж.Байтуголова, М.Бекежанов, С.Калдыбаев, М.Эсенгулова ж.б. портфолионун маңызы тууралуу эмгектерди жазышып, педагогдорго жана мугалимдерге тиешелүү маалыматтарды беришкен. Портфолиону жогорку окуу жайында колдонуу маселелери Ж.Байтуголованын эмгегинде караган. Анын белгилегени боюнча, портфолио – бул студенттердин системалаштырылган жана атайын пландын негизинде даярдалган билим жыйынтыктарынын, продукцияларынын топтому.

Портфолио төмөндөгүдөй артыкчылыктарга ээ [9]:

- билим алууга гана эмес, ошол алган билимди жашоодо, практикада колдоно билүүгө багытталган окутуу стратегияларын колдонууга өбөлгө түзөт;
- Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун инсанга багыттап окутуу процессине өтүүдө окуу процессине ылайык келген баалоонун жаңы технологияларын колдонууга муктаждыгын канааттандырат;

• болочок мугалимдердин профессионалдык компетенттүүлүгүн, өз алдынчалуулугун жана чыгармачылыгын жогорулатууда жаңы комплекстүү баалоо формаларын колдонууну камсыз кылат;

• тилди үйрөтүүдө баалоо үчүн тесттер көбүнчө тилдин түзүлүшүн же структурасын билүүнү текшерет. Ал эми портфолиону колдонуу тилди реалдуу кырдаалдарда колдонуу деңгээлин текшерет;

• окуучунун өзүн-өзү баалоо механизмин ишке киргизүү мүмкүнчүлүгү, бул билим алуу жана профилдик багытты тандап алуу менен байланышкан процесстердин аң-сезимдүүлүк даражасын жогорулатат.

Портфолиону орус окумуштуусу Е.Полат окуучунун өзүнүн таанып билүүчү, чыгармачыл эмгегин өзү баалоонун, өзүнүн ишмердүүлүгүн рефлексиялоонун инструменти деп белгилейт. Бул окуучунун өздүк иштеринин, документтеринин комплектиси. Өзүн өзү баалоо түшүнүгү кенен түшүнүк, дейт Е.Полат, ал өзүн өзү контрол доодон да, өзүн өзү текшерүүдөн дагы кеңири түшүнүк [10].



Анын сунушу боюнча, документтин комплектиси төмөнкүлөрдү камтыйт:

• портфолиону түзүүгө карата окуучуга берилген тапшырмалар (кайсы материал жана аны кантип чогултуу керек);

• портфолиого чогултулган эмгектерди, материалдарды баалоонун параметрлери жана критерийлери, портфолиону презентациялоо учурунда аны баалоо үчүн эксперттерге берилүүчү анкетанын суроолору.

Окуучу өз каалоосу боюнча, же болбосо мугалимдин талабы боюнча портфолио түзүп, ага өзүнүн жетишкендиктерин, сабакта же сабактан тышкары убактарда өзү тарабынан аткарылган жумуштарды чогултат (контролдук иштер, тесттер, сочинениялар, эсселер, үй тапшырмалары, проекттер, рефераттар, докладдар, слайддар, сүрөттөр, видео ж.б.). Портфолиону түзүү көпчүлүк учурларда бир предметтин алкагында ишке ашырылат. Кээде мугалимдер окуучуларга бир нече предметтерди камтыган тапшырмаларды бериши мүмкүн. Же болбосо, мугалимдер тарабынан чыгармачыл иштерди аткаруу тапшырма катары берилип, алар чейрек, же жыл аягында презентацияланат.

Портфолиодо окуучу тарабынан тандалып алынган иштерге түшүндүрмө берилет: эмне үчүн ушул эмгек портфолиого кошулду? Башкаларынан эмнеси менен бул эмгек артыкчылыктуу? Ушул
суроого окуучу жооп жазышы зарыл. Ар бир эмгекке окуучу тарабынан комментарий берилиши керек: бул эмгекте окуучу эмнеге жетише алды? Бул эмгекти андан ары улантуу керекпи, керек болсо, анда эмнелерди дагы кийин кароосу зарыл? Эмнелер эске алынбай калды? Мугалимдин баалаганы менен макулбу же жокпу? Бул портфолиодон кандай жыйынтык чыгарууга болот? Эң негизгиси, портфолиодо окуучунун ой толгоосу, аргументтөөсү, негиздөөсү. Ушул билгичтиктер азыркы билим берүүнүн негизги талабы болуп эсептелет. Ушул билгичтиктер рефлексиялоонун маңызын түзөт десек болот. Окутуунун технологиялары мугалимдерден жана окуучулардан ушуларды ишке ашырууну талап кылууда. Рефлексия – бул субъекттин өзүнүн аң-сезими менен иш арып баруусу, ал өзүнүн аракеттеринин жана кылык жоруктарынын шарттарын жана негизин аныктайт. Рефлексия инсандык сапат, ал адамдын өздүк билим алуусунун суроо талабынын өнүгүшүнө түрткү берет жана професси-оналдык сферада чыгармачылык менен тыгыз байланышкан. Мындан

тышкары рефлексия – адамдын өзүнүн ишмердүүлүгүн баалоо менен дагы байланышта, өзүнүн аң сезими менен иш алып баруусу адамдын өзү үчүн дагы, башкалар (мисалы мугалимдер) үчүн дагы маанилүү.

Класс жетекчинин рефлексиялык-башкаруучу мамилеге негизделген иши төмөнкүлөрдөн турат: мугалим окутуп, же тарбиялап эле тим болбостон, окуучунун инсандык жактан жана адис жагынан калыптанышына дагы чоң өбөлгө түзүп, анын окуу ишмердүүлүгүн шыктандырат. Мугалимдин рефлексиялык башкаруучулук иши, окуучунун өзүн өзү аңдоого, өзүнүн окуу аракеттерине ой жүгүртүүгө, баалоого мүмкүндүк берет.

Ошондуктан өздүк аң сезимди калыптандыруу, аны ишке ашыруу окуучунун оң мотивациясынын калыптанышына таасир этет. Аң сезим окуучунун суроо талаптары өнүккөн сайын мотивация дагы өнүгө баштайт. Аны менен кошо окуучунун өзүн өзү туюнтуусу, өздүк ырастоосу, өздүк регуляциялоосу өнүгөт. Ушул психологиялык процесстер окуучунун инсандык сапатындагы рефлексиялык өзгөчөлүктөрүн калыптандырууга чоң өбөлгө түзөт. Практика көрсөткөндөй, салттуу башкаруунун жыйынтыгында адам аткаруучу болуп гана калыптанып калганына күбө болуудабыз. Окуучудан эмнени аткаруу талап кылынса, окуучу ошону аткарып гана коюп, ал жыйынтык жөнүндө окуучунун өздүк ой толгоосу, аңдоосу, туура кылдымбы, жокпу деген өздүк баалоосу калыптанбай калат. Ошол себептен азыркы күндө мугалимдер тарабынан салттуу башкаруу эмес, рефлексивдик башкаруу талап кылынууда. Портфолио технологиясы ушул сапаттарды (рефлексиялык-башкаруучу) мугалимдерде калыптандырууну, өздүк рефлексиялык сапаттарды окуучуларда калыптандырууну талап кылат. Чындыгында эле, рефлексиялык башкаруунун натыйжасында окуучунун өздүк ишмердүүлүгүнүн маңызындагы терең мотивациясы, инсандагы субъект-субъект мамилелер, креативдүү маселелерди чечүүнүн көндүмдөрү калыптанат.

Окумуштуулар портфолионун бир нече принциптерин сунушташкан. Е.С.Полат портфолионун принциптери катары төмөнкүлөрдү эсептейт [10]:

- таанып билүүнүн түрлөрүн калыптандыруунун жыйын-тыгынын өздүк баалоосу;
- өздүк мониторинг жүргүзүүнүн системалуулугу жана регулярдуулугу;



- портфолионун материалдарын структуралаштыруу;
- сунушталган материалдардын темалык бүтүндүгү жана аягына чыккандыгы;
- портфолиону презентациялоонун көрсөтмөлүүлүгү жана негиз-делгендиги.

Ж.Байтуголова үч принципти негиздүү деп эсептейт: объективдүүлүк (калыстык), системалуулук, көрсөтмөлүүлүк (айкындык) [9].

Аталган принциптердин негизинде портфолиону уюштурууда окуучунун ар тараптан жетишкендиктери айкындалат – анын окуу жана чыгармачыл жетишкендиги, социалдык, коммуникативдик ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары. Булар билим берүү процессинде маанилүү болгон практикага багытталган, ишмердүүлүккө багытталган окутууну ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

Портфолионун максаты – окуучудан анын бардык жакшы жактарын даңазалоого шарт түзүп берүү, окуп таанып билүүнүн маанилүү натыйжаларын, жекече прогрессин алып чыгуу, анын алган билимин практикада колдоно билүүсүн презентация аркылуу текшерип көрүү жана баалоо.

Портфолио, окутуудагы жана баалоодогу заманбап технология болуп эсептелет жана педагогиканын төмөндөгүдөй милдеттерин чечүүнү көздөйт:

- окуучулардын жогорку окуу мотивациясын колдоо;
- алардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугуна дем берүү, окутуунун жана өзүн өзү окутуунун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- рефлексивдүүлүк жана баалоочу ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү;

- окуп үйрөнүү билгичтиктерин калыптандыруу – максат коюу, пландоо жана өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;
- билим берүүнү жекелештирүүгө көмөк көрсөтүү;
- социалдаштырууга өбөлгөлөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү.

Портфолиого эмнелер камтылыш керек деген суроо дагы маанилүү болуп эсептелет. Бул боюнча такталган тизме жок экендигин адистер белгилешет. Портфолиого эмнелер камтылаары окутулуп жаткан предметке жараша, мугалимдин берген тапшырмаларына жараша жана койгон талаптарына жараша болот.



Кээ бир учурда коюлган талаптан тышкары, жыйнаган иштерине кошумча материалдар дагы кошулат, алар көбүнчө чогултулган материалды толуктоого, аны негиздөөгө жана сапатын арттырууга жардам берүүчү материалдар болушат.

Мисалы мектептин математикасын окутууда коюлган максат – окуучунун математикалык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу, математикалык билгичтиктерин өнүктүрүү, маселелерди чыгаруу билгичтиктерин калыптандыруу болсо, анда портфолиого төмөнкүдөй иштер камтылышы мүмкүн [6]:

Биринчиден, окуучунун өзүнүн аткарган иштери – класстагы өз алдынча аткарган иштери жана үй тапшырманын аткарылган иштери. Андан кийин, математикалык проекттер; кызыктыргыч эсептердин чыгарылышы, мугалимдин кошумча берген тапшырмаларынын аткарылышы; тарыхый мазмундагы математикалык реферат; плакаттар, моделдер, чиймелер; окуучу өзү түзгөн мисалдар; ар кандай лабораториялык иштердин баяндамасы, статистикалык эсептөөлөрү; математикалык кружокторго катышкандыгы тууралуу маалыматтар; математикалык олимпиадаларга катышкандыгынын жыйынтыгы, сыйлыктары ж.б. камтылат Экинчиден, портфолиого мугалимдин, классташтарынын, ата-энелеринин байкоолору тууралуу маалымат; интервью, ангемелешүүнун баяндалышы; мугалимдин эсепти чыгаруу боюнча, проекттерди аткаруу боюнча, рефераттарды жазуусу тууралуу комментарийлери; мугалимдердин, мектеп администрациясынын, ата-энелердин пикирлери камтылат.

Портфолио тууралуу айтылган өзгөчөлүктөр конкреттүү окуучунун жетишкендиктери чагылдыруу менен катар анын жекече багытталгандыгын дагы көрсөтүп турат. Мындан окуучунун эмнеге
шыктуу экендиги, кайсы багытта ал кийинки багытын тандап алуусу мүмкүн экендигин дагы байкоого болот.

Мындан тышкары, чейректик жана жылдык бааларды чыгарууда дагы окуучунун портфолиосун эсепке алуу зарыл. Кээ бир учурларда мугалимдер окуучунун чейректик же жылдык бааларын портфолионун негизинде чыгарышат. Бул учурда өтүлгөн окуу материалдар аркылуу окуучулардын билимине, билгичтигине коюлган талаптар портфолионун талаптарына камтылып, баалар ушул талаптардын аткарылышын эске алуу менен чыгарылат.



**Адабияттар**

1. Концепция развития образования Кыргызской Республики до 2020 года. Стратегия развития образования Кыргызской Республики на 2012-2020 годы. – Бишкек, 2012. – 114 с.
2. Государственный образовательный стандарт среднего общего образования Кыргызской Республики.http://cbd.minjust.gov.kg/act/view /ru-ru/96691

3. Якиманская И.С. Личностно-ориентированное обучение в современной школе. – М.: Сентябрь, 1996. – 96с.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багытталган окутуунун теориялык жана практикалык маселелери. –Бишкек, 2004. 340 б.
5. Современный словарь иностранных слов. – М., 2000. – 742 с.
6. Чошанов М. Учебные портфолио – новая форма контроля и оценки достижений учащихся. В книге: Технология развития критического мышления через чтение и письмо. Дебаты. Портфолио. Серия "Компетентносно-ориентированный подход к образованию: образовательные технологии "Вып.2. – Самара, 2002. -92 с.
7. Аюкасова З. Управление процессом разработки и внедрения модели портфолио //Педагогическая диагностика. – М., 2008. – № 2. – с.145-150.
8. Лобода Ю.О. Метод портфолио как метод оценивания результатов обучения //Педагогическая диагностика. –М., 2005. – №4. – с. 71-79.
9. Байтүгөлова Ж.А. Портфолио технологиясын жогорку окуу жайында колдонуу боюнча методикалык сунуштар. – Бишкек, 2011. – 35 б.
10. Полат Е.С. Новые педагогические и информационные технологии в системе образования: Учебное пособие для студ. пед. вузов и системы повыш. квалиф. пед. Кадров. Под ред. Е. С. Полат. — М.: Издательский центр «Академия», 2002. – 272 с.